**«БЕКИТЕМИН»**
С. Нааматов атындагы Нарын
мамлекеттик университетинин
ректору а.ч.и.к.,проф.м.а.
Э.М.Байбагышов
______________________
23-январь 2024-жыл

Мусаев Бакытбек Малаевичтин «Маалыматтык технологиялардын жардамы менен студенттерди кесипке багыттап окутуу (башкаруудагы маалыматтык технологиялар курсун окутуунун мисалында)» аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талкуулоо боюнча «Физика, математика жана информатика» жана «Педагогика, тарых жана окутуунун технологиялары» кафедраларынын 2024-жылдын 23-январындагы кеңейтилген отурумунун №8 протоколунан

**К Ө Ч Ү Р М Ө**

Нарын шаары 23.01.2024 ж.

**КАТЫШКАНДАР:**

1. Макеев А.К. – п.и.к., доцент, физика, математика жана информатика кафедрасынын башчысы;
2. Сияев Т.М. – п.и.д., профессор, педагогика, тарых жана окутуунун технологиялары кафедрасы;
3. Калдыбаев С.К. – п.и.д., профессор, Ала-Тоо Эл аралык университетинин профессору;
4. Султаналиева Ш.К. – п.и.к., доценттин м.а., педагогика, тарых жана окутуунун технологиялары кафедрасынын башчысы;
5. Касымова Г.А. – п.и.к., доценттин м.а., педагогика, тарых жана окутуунун технологиялары кафедрасы;

6. Кулмамбетова С.М. – ф-м.и.к., доценттин м.а., маалыматтык технологиялар кафедрасынын башчысы;
7. Шерматова И.К.- п.и.к., доценттин м.а., педагогика, тарых жана окутуунун технологиялары кафедрасы;
8. Эсеналиева Г.Ө. – т.и.к.,доцент, педагогика, тарых жана окутуунун технологиялары кафедрасы;
9. Асанкулова М.К. – ага окутуучу, педагогика, тарых жана окутуунун технологиялары кафедрасы;
10. Муңайтпасова Г.Ж. – п.и.к., доцент, физика, математика жана информатика кафедрасы;
11. Өмүралиева М. – окутуучу, физика, математика жана информатика кафедрасы;
12. Ыдырысова Д.К. – окутуучу, физика, математика жана информатика кафедрасы;
13. Чекирова Г.Ж. – п.и.к.,доцент, маалыматтык технологиялар кафедрасы;
14. Ажыбаев Д.М. – п.и.к., доцент, маалыматтык технологиялар кафедрасы;
15. Бейшеналиева У.У. – п.и.к., доценттин м.а., маалыматтык технологиялар кафедрасы;
16. Майрамбек кызы Нурзат – лаборант, физика, математика жана информатика кафедрасы.

**Жыйындын төрагасы:** Макеев А.К., п.и.к., доцент, «Физика, математика жана информатика» кафедрасынын башчысы;

**Жыйындын катчысы:** Майрамбек кызы Нурзат

## КҮН ТАРТИБИНДЕ:

**1.** Мусаев Бакытбек Малаевичтин «Маалыматтык технологиялардын жардамы менен студенттерди кесипке багыттап окутуу (башкаруудагы маалыматтык технологиялар курсун окутуунун мисалында)» аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талкуулоо.

**2.** Мусаев Бакытбек Малаевичтин «Маалыматтык технологиялардын жардамы менен студенттерди кесипке багыттап окутуу (башкаруудагы маалыматтык технологиялар курсун окутуунун мисалында)» аттуу темадагы диссертациясы боюнча кандидаттык экзамен үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасын карoo жана талкуулоо.

**Диссертациялык иш** 2012-жылдан бери С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин «Физика, математика жана информатика» кафедрасында аткарылган.

**Илимий жетекчи:** Калдыбаев С.К. – педагогика илимдеринин доктору, профессор.

**Жыйындын төрагасы:** урматтуу бүгүнкү отурумдун катышуучулары, Мусаев Бакытбек Малаевичтин «Маалыматтык технологиялардын жардамы менен студенттерди кесипке багыттап окутуу (башкаруудагы маалыматтык технологиялар курсун окутуунун мисалында)» аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын жана «Маалыматтык технологиялардын жардамы менен студенттерди кесипке багыттап окутуу (башкаруудагы маалыматтык технологиялар курсун окутуунун мисалында)» аттуу темадагы диссертация боюнча кандидаттык экзамен үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасын кароону талкуулайбыз.

**Талкууга коюлган диссертациянын рецензенттери:**

Сияев Т.М. – педагогика илимдеринин доктору, профессор;

Кулманбетова С.М. – физика математика илимдеринин кандидаты, доценттин милдетин аткаруучусу.

**Жыйындын төрагасы:** диссертациянын негизги бөлүктөрүн тааныштыруу үчүн сөз изденүүчү Мусаев Бакытбек Малаевичке берилет.

Изденүүчү Б.М. Мусаев диссертациялык изилдөөнүн негизги жыйынтыктарын баяндады.

**Жыйындын төрагасы:** изденүүчүгө мазмундуу баяндамасы үчүн ырахмат. Катышуучуларда изденүүчүгө суроолор болсо берсеңиздер.

**Педагогика илимдеринин доктору, профессор Сияев Т.М.:**

*1-суроо*: «Менеджменттеги маалыматтык технологиялар» курсу үчүн түзүлгөн жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандартын сиз кандайча өзгөртүп, анын ичине бизнес-пландоону киргизип жатасыз?

**Изденүүчү:** «Менеджменттеги маалыматтык технологиялар» курсунда маалыматтык технологиялардын каражаттары аркылуу бизнес-планды даярдоо буга чейин информатика курсунда окулган программалык комплекстерди колдонууга мүмкүнчүлүк берген иштер менен коштолот, б.а. Microsoft Word тексттик процессорунун каражаттары аркылуу бизнес-пландын тексттик бөлүгү, эсептик жана талдоо бөлүктөрү – Microsoft Excel каражаттары аркылуу, кызматкерлердин маалымат базасы – Microsoft Access аркылуу, жетекчинин иш кагаздар жыйындысы – Windows каражаттары аркылуу, бизнес-пландын презентациясы Microsoft PowerPoint тиркемеси аркылуу ыңгайлуу түрдө түзүлөт.

2- *суроо:* «Менеджменттеги маалыматтык технологиялар» дисциплинасы окуу планында мамлекеттик компонент катары берилет. Сиз бул сабактын мазмунуна өзгөртүү киргиздиңизби?

**Изденүүчү:** Ооба мазмунуна өзгөртүү киргиздим. Жогорку окуу жайында «Менеджменттеги маалыматтык технологиялар» курсунун окутулушунда компьютердик чөйрөдөгү бизнес-пландоонун мисалында студенттерди кесиптик ишмердүүлүккө даярдоочу окуу-методикалык комплекси иштелип чыгып, колдонууга берилген.

Студенттерди кесиптик ишмердүүлүккө даярдоо каражаты катары «Менеджменттеги маалыматтык технологиялар» курсунда маалыматтык технологияларды колдонуунун натыйжалуулугу эксперимент түрүндө такталган.

3- *суроо:* Аракеттин ориентирлөөчү негизи (АОН) менен 2-главадагы мамиле деген категориянын кандай байланышы бар?

**Изденүүчү:** Адам ишмердүүлүгүнүн психологиялык түзүлүшүн кароодо жана «түшүнүүнү» анализдөөдө П.Я. Гальперин тарабынан аракеттин ориентирлөөчү негизи (АОН) татаал түзүлүш катары бөлүнүп

көрсөтүлгөн. П.Я. Гальперин боюнча АОНго кирген теориялык билим жыйындысы (ориентирлер) адамдын предметтик аракетин түзүү менен теориялык ишмердүүлүктүн объектисинен багытталган ишмердүүлүктүн маанилүү бөлүгүнө айланат. Аракеттин айрым мүнөздөмөлөрү болуп П.Я. Гальпериндин ою боюнча аракеттин өзүнөн ажыратып кароого мүмкүн болбогон билгичтик жана көндүмдөр эсептелишет.

Билим берүүнүн сапатын башкаруудагы учурдагы мамилелерди изилдөө жана талдоо үчүн, жаңыларын сунуштоо үчүн биз адегенде «мамиле» деген эмне экенин аныкташыбыз керек. Э.Г. Юдин илимдин методологиясын изилдеп, методологиянын көз карашы менен «мамиле» түшүнүгүнүн маанисин ачып берет. Анын пикири боюнча, мамиле бул: биринчиден, изилдөөнүн принциптүү багыты; экинчиден, объектти изилдөөнүн көз карашы; үчүнчүдөн, изилдөөнүн жалпы стратегиясынын жетектөөчү принциби.

Изилдөөчүлөр өз эмгектеринде билим берүүнүн сапатын башкарууда системалуу, ишмердүүлүк, технологиялык, инсанга багытталган жана компетенттүүлүк мамилелерди белгилешет. Алардын ар бири билим берүү феноменинин тигил же бул аспектилерин ачып, билим берүүнүн сапатын башкаруу моделин куруунун негизги идеясын аныктайт. Өз кезегинде, ЖОЖдо билим берүүнүн сапатын башкарууну өнүктүрүүдө бул мамилелерди эске алуу зарылчылыгы билим берүү процессин уюштуруунун өзгөчөлүктөрүнөн, ошондой эле билим берүүнүн сапатын башкаруунун мүнөзүнөн келип чыккандыгын белгилей кетүү керек.

**Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Макеев А.К.:**

*Суроо:* Авторефератта жазылган карама каршылыкта «Менеджменттеги маалыматтык технологиялар» предмети менен бизнес-планды кантип байланыштырдыңыз?

**Изденүүчү:** *Биздин изилдөөбүздө* 1) кесиптик ишмердүүлүктө маалыматтык технологияларды колдонуу тенденциясынын өсүүсү жана ЖОЖдордо орун алган студенттерди «Менеджменттеги маалыматтык

технологиялар» курсу аркылуу маалыматтык технологияларга окутуудагы колдонулуп келген окутуу практикасынын ортосундагы; 2) студенттерди кесиптик ишмердүүлүккө даярдоонун объективдүү зарылчылыгы жана окутуунун баштапкы баскычтарында кесиптик маселелер жөнүндө түшүнүктөрдү калыптандыруучу педагогикалык эмгектердин, өзгөчө уюштуруу-башкаруучулук ишмердигинде педагогикалык эмгектердин аз санда болуусунун ортосундагы *карама-каршылыктарды* чечүү зарылчылыгы келип чыгат.

Биз ЖОЖдо баштапкы билим берүүдө менеджмент адистиги боюнча билим алып жаткан студенттерге «Менеджменттеги маалыматтык технологиялар» курсу аркылуу бизнес-пландоонун негиздерин окутуп, алар келечекте экономиканы түшүнө билип, ишкананын экономикалык абалын талдай билүүсүнө шарт түзөбүз, экономика багытындагы аналитиктерди, менеджерлерди жана уюштуруу-башкаруу касиеттерине ээ болгон адистерди даярдайбыз. «Менеджменттеги маалыматтык технологиялар» курсун окутууда кесипке багыт берүүчү маселелерди окутуу, б.а. ЖОЖго келген студенттерди башынан баштап эле кесипке багыттоо колго жакшы алынган эмес.

Бизнес-пландоонун милдеттерин маалыматтык технологиялар каражаттары аркылуу чечүү процессинде негизги орунду маалыматтык технологияларды колдонуу боюнча адабият, бизнес-планды иштеп чыгуу боюнча атайын адабият, Windows жана Microsoft Office тиркемелеринин маалымдама түрүндөгү окуу китептери жана компьютердик чөйрөдө бизнес-планды даярдоо боюнча атайын иштелип чыккан окуу-практикалык китепчеси түрүндө берилген *окуу китеби менен иштөө* методу ээлейт. Окуп-үйрөтүү процессинде студенттер билимдин үч аймагынан (маалыматтык технологиялар, бизнес-пландоо, бизнес-пландоодогу маалыматтык технологиялар аймактары) алынган фундаменталдуу талашсыз жоболорду жана принциптерди эстеп калуулары керек, тез-тезден болуп туруучу кырдаалдардан чыгууну студенттер окуу китептерден ыкчам

түрдө издеп табышы керек. Бул учурда китеп менен жүргүзүлгөн иш студенттердин практикалык ишмердүүлүк процессиндеги өз алдынча иши катары каралып, ал процесстин калыптандыруу экспериментинин бардык үч баскычын башынан аягына чейин коштоп турат.

**Педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а., Шерматова И.К.:**

*Суроо:* Аракеттин ориентирлөөчү негизин (АОН) калыптандырууда студенттерди маалыматтык технологиялардын жардамы менен кайсы кесипке багыттайсыз?

**Изденүүчү:** Аракеттин ориентирлөөчү негизи – бул аракеттин максатына жетүү үчүн операцияларды аң-сезим менен тандоо мүмкүнчүлүгүн жана бул аракетти туура ишке ашырууну аныктоочу билимдер жыйындысы. АОНду калыптандыруу процесси педагогикалык эскперименттин экинчи бөлүгү болгон калыптандыруучу баскычтын алкагында ишке ашат. Бул учурда бизнестин экономикалык динамикалуу моделин түзүү 4-5 студенттен турган майда топтор аркылуу ишке ашат, бул учурда MS Windows, MS Office тиркемелерин колдонуу аркылуу бизнес-пландоонун маселелерин чыгаруу менен студенттер бизнес-аналитик, бизнес-менеджер же болбосо жеке ишкерлик касиетине ээ болгон адистиктердин негиздерине ээ болушат.

**Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Ажыбаев Д.М.:**

*Суроо:* Маалыматтык технологиялардын жардамы менен студенттерди кесипке багыттап окутуу деп тандап алган темаңыз кайсы кесипке багытталат? Диссертацияда так көрсөтсөңүз болмок... Технологдорду даярдоодобу же экономистерди даярдоодобу, кайсы адистикте?

**Изденүүчү:** Маалыматтык технологиялардын жардамы менен студенттерди кесипке багыттап окутуу деп тандап алган тема менеджмент багытындагы адистерди даярдоого багытталган. Бизнес-пландоону камтыган дисциплиналарды окуп-үйрөнүүдө аракеттин ориентирлөөчү негизи катары кийин да колдонуу үчүн бизнес-планды маалыматтык

технологиялар каражаттары аркылуу даярдоо процессинде билимди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү топтоосунда экендиги аныкталды. Мотивациялык жана эмоционалдык-эрктик компоненттерди камтыган, бизнес-пландоодо маалыматтык технологияларды колдонууга студенттердин жана адистердин даяр болуу бүтүн моделин түзүү багытында ишти андан ары өнүктүрүү пландалууда.

Изилдөөнүн жыйынтыктары М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинде, «КЕЙИН интернейшнл институт» билим берүү мекемесинде «Менеджменттеги маалыматтык технологиялар» курсун окутуу окуу процессине киргизилген. Сунушуңузду эске алам. Менеджмент багыты боюнча окуган студенттерге эксперименттер жүргүзүлгөн.

**Физика-математика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а., Кулманбетова С.М.:**

*Суроо*: Аракеттин ориентирлөөчү негизин (АОН) калыптандыруу процессинде окуу жана кесиптик ишмердүүлүктүн мотивдерин аныктоочу кандай анкеталардын жардамы менен экспериментти жүргүздүңүз?

**Изденүүчү:** А.И. Гебос студенттердин билим алууга умтулуусунун оң (позитивдүү) мотивинин калыптанышына шарт түзүүчү факторлорду бөлүп көрсөткөн, биз ушул факторлордун ичинен бешөөнү тандап алып, аларды суроо катары анкетага киргизип, педагогикалык эксперименттин констатациялоочу баскычында менеджмент адистигинин студенттеринин арасында анкета жүргүзгөнбүз, анкетанын жыйынтыктары диаграммада көрсөтүлгөн, жыйынтыгында маалыматтык технологияларга окуп-үйрөтүү процессине кесипке багыт берүүчү маселелерди киргизүү зарылчылыгы келип чыккандыгы бышыкталды.

Уюштуруу-башкаруу ишмердүүлүгүн уюштура билүүгө студенттерди даярдоонун бир шарты катары *аракеттин ориентирлөөчү негизин* калыптандыруу процессинде бизнес-пландоонун милдеттерин аткаруу үчүн маалыматтык технологияларды колдонуу натыйжалуулугу критерийлик методдун жардамы аркылуу эксперименттик түрдө текшерилип бекитилди.

Аракеттин ориентирлөөчү негизинин калыптангандыгын көргөзүп эксперименттик группанын студенттери контролдук группанын студенттерине салыштырмалуу бардык критерийлер боюнча жакшы жыйынтыктарды көрсөткөндүгү байкалды.

**Педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а., Султаналиева Ш.К.:**

*Суроо:* Диссертацияда сиздин жеке салымыңыз аракеттин ориентирлөөчү негизин (АОН) калыптандыруу болуп саналат экен. Ушуга байланыштуу сиз орус же чет элдик окумуштуулардын диссертациясын карап чыктыңызбы?

**Изденүүчү:** Советтик изилдөөчү Т.И. Пуденконун “Деятельностный подход к обучению старшеклассников основам предпринимательства» аталышындагы кандидаттык диссертациясын карап чыктым, бул эмгекте изилдөөнүн предмети катары билим алуучуларда ишкердикти түзүүнүн ориентирленген негизин түзүүчү түшүнүктөр системасын калыптандыруунун технологиясы каралган.

Биздин изилдөөбүз үчүн кесиптик ишмердүүлүктө маалыматтык технологияларды колдонууга даяр болуу каралган эмгектер өзгөчө кызыгууну жаратышат (Л.А. Денисова, Г.А. Кручинина, Л.В. Кулева, Р В Жариков, Ж В. Иноземцева, ЕМ , Разинкина, А.Д. Токтомаметов, А.А. Умарбекова). Коюлган көйгөйдүн чечилишине болгон түрдүү мамилелерге жана кесиптик ишмердүүлүктө маалыматтык технологияларды колдонууга даяр болуу моделиндеги компоненттердин мүмкүн болгон түрлөрүнө карабастан, бардык аталган изилдөөлөр даяр болууну кесиптик компоненттерден түзүлгөн, өзүнө билим, билгичтиктер жана көндүмдөрдү камтыган бирдиктүү комплекс катары карашат.

Калыптанган АОН аракетти аткаруу шарттарынын системасы катары студенттердин кесиптик ишмердүүлүктө маалыматтык технологияларды колдонууга болгон даяр болуу үлгүсүнө сиңиримдүү бөлүк катары кирет да, бир жагынан алып караганда башка түзүүчүлөргө

көз каранды болуп, экинчи жагынан караганда – даяр болуунун башка түзүүчүлөрүнө таасирин тийгизет.

В.П. Беспалько педагогикалык технологиянын түзүүчүлөрүн карап жатып, педагогикалык технологиянын максаты диагностикалык түрдө коюлушуна көңүл бурган, б.а. аны ишке ашыруу даражасы тууралуу маанилүү бүтүм чыгарып, берилген убакытта ага жетүүнүн кепилдигин камсыздоочу, так аныкталган диагностикалык процессти түзүү менен максат ишке ашаарын айткан.

**Жыйындын төрагасы:** сөз илимий жетекчиси С.К. Калдыбаевге берилет.

**Педагогика илимдеринин доктору, профессор С.К. Калдыбаев:**

Урматтуу жыйындын катышуучулары! Азыркы учурда Кыргызстандын билим берүү саясатында жогорку окуу жайлар студенттердин келечектеги кесиптик ишмердүүлүккө даяр болуусунун калыптанышына кепилдик берүүчү фундаменталдык жана кесиптик билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү айкалыштыруу менен өздөштүрүүнүн жогорку деңгээлин камсыздоого милдеттүү экендиги аныкталган.

Ошону менен катар коомдогу бардык чөйрөлөрдү кеңири компьютерлештирүү кесиптик маселелерди чечүүнүн эффективдүү куралы катары маалыматтык технологиялардын ролун өзгөчө мааниге ээ кылат.

Б.М. Мусаевдин жактоого коюлуп жаткан диссертациясы актуалдуу маселеге арналган. Изденүүчү ЖОЖдо окутуунун «Менеджменттеги маалыматтык технологиялар» курсунда бизнес-пландоо маселелерин чечүү үчүн маалыматтык технологиялар каражат катары пайдаланса, анда студенттерди кесиптик ишкердүүлүккө даярдоо эффективдүү болот деп, анын натыйжалуулугун педагогикалык эксперименттин жардамы менен далилдей алды.

Изденүүчү диссертациялык изилдөөсүндө илимий адабияттарга талкуу жүргүзүү менен кесиптик билим берүүнүн натыйжасы жогору деп

белгилөө менен катар, бул маселеде өз көз карашын да бекемдеди. Бул көз караш илимий тиркемелер, сунуштар, теориялык жана эксперименталдык изилдөөлөр менен түшүндүрүлгөн.

Изденүүчү Мусаев Бакытбек Малаевичтин диссертациялык иши жетиштүү деңгээлде даярдалган. Эгерде кафедралардын бириктирилген жыйыны макул көрсө, бул сунушталган «Маалыматтык технологиялардын жардамы менен студенттерди кесипке багыттап окутуу (башкаруудагы маалыматтык технологиялар курсун окутуунун мисалында)» аттуу темада даярдалган педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык ишти жактоого сунуштайм.

**Жыйындын төрагасы:** кийинки сөз диссертациялык иштин биринчи рецензенти, п.и.д., профессору Т.М.Сияевге берилет.

**Сияев Т.М.:**

Б.М. Мусаевдин диссертациялык иши КРнын Улуттук аттестациялык комиссиянын окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тууралуу жоболоруна ылайык иштелген. Ал 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) адистиги боюнча кандидаттык диссертацияларга коюлган талаптарга шайкеш аткарылган. Диссертациялык иш жактоого сунушталсын.

Бул сунуш жумуштун жалпы баасын төмөндөтпөйт, изилдөө 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) адистиги боюнча кандидаттык диссертацияларга коюлган талаптарга шайкеш аткарылган. Кетирген кемчиликтерди жоюу менен сунуштарды эске алат деп ойлойм. Колдойм.

**Жыйындын төрагасы:** азыркы сөз диссертациялык иштин рецензенти, физика-математика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а., С.М.Кулманбетовага берилет.

**Кулманбетова С.М.:** Урматтуу бүгүнкү кеңейтилген жыйындын катышуучулары! Изилдөө проблемасы боюнча илимий адабияттарды талдоонун жана жалпылоонун негизинде «кесиптик билим берүүнүн

сапаты», «аракеттин ориентирленген негизи», «уюштуруу-башкаруу» түшүнүктөрүнүн мазмуну такталды; «Менеджменттеги маалыматтык технологиялар» курсун окутууда кесиптик билим берүүдөгү *аракеттин ориентирлөөчү негизи* келечектеги адистин даяр болуу моделинин бир элементи экени аныкталды. Диссертациялык иш киришүүдөн, үч бөлүмдөн, бөлүмдөрдүн корутундуларынан, жалпы жыйынтыктан жана тиркемелерден турат. Библиографияда 165 булак адабияттарды камтыйт.

Бул жумушту изилдөө 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) боюнча кандидаттык диссертацияларга коюлган талаптарга шайкеш аткарылган. Диссертациялык иш жактоого сунушталсын. Колдойм, ийгилик.

**Жыйындын төрагасы:** рецензенттердин сунуштарына жооп берүү үчүн сөз диссертантка берилет.

**Изденүүчү:** Диссертациялык иш менен терең таанышып чыккан доценттин м.а., С.М.Кулманбетовага жана педагогика илимдеринин доктору, профессор Т.М. Сияевге жана кеңейтилген кафедранын кеңешмесине чоң ыраазычылык билдирүү менен сунуштарды кабыл алабыз.

**Жыйындын төрагасы:** кийинки кезекти жарыш сөздөргө берели.

**Жыйындын төрагасы:** эмесе, диссертанттын жыйынтыктоочу пикирине кезек берели.

**Изденүүчү:** Урматтуу Сатыбалды Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин кафедраларынын бириктирилген жыйынынын төрагасы Макеев Арзымкан Касымович, профессор Сияев Таштанбек Моңолдорович, Кулманбетова Сагын Мусековна, урматтуу катышуучулар! Биринчиден, бардыгыңыздарга менин диссертациялык ишимди талкуулоого активдүү катышып бергениңиздер үчүн, ошондой эле баалуу ой-пикир, сунуштарыңыздар үчүн чоң ыраазычылык билдиргим

келет. Диссертациялык кеңеште жактоого чейин сиздердин берген сунуштарыңызды эске алууга аракет кылам. Дагы бир жолу чоң рахмат.

**Жыйындын төрагасы:** кийинки кезекти жарыш сөздөргө берели.

Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент А.К.Макеев өз сөзүндө теманын актуалдуулугун белгилеп студенттердин билим сапатынын эффективдүү жыйынтыгы боло тургандыгын баса белгиледи. Бакытбек Малаевичке ийгилик каалады.

Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Д.М.Ажыбаев бул диссертациялык иште анын теориялык жана практикалык баалуулугу маалыматтык технологиялардын жардамы менен студенттерди кесипке багыттап окутуу болорун баса белгиледи, ийгилик каалады.

Педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а., И.К.Шерматова «Менеджменттеги маалыматтык технологиялар» курсунун окутулушунда компьютердик чөйрөдөгү бизнес-пландоонун мисалында студенттерди кесиптик ишмердүүлүккө даярдоочу окуу-методикалык колдонмо иштелип чыкса абдан жакшы. Колдойм. Ийгилик.

Тарых илимдеринин кандидаты, Г.Ө. Эсеналиева студент *аракеттин ориентирлөөчү негизин* шарттардын системасы катары кабыл алып чечмеленүүсү окуу натыйжасында оң натыйжа берет. Колдойм, ийгилик.

Педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а. Г.А. Касымова Ийгилик каалап, колдоорун билдирди.

Педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а., Ш.К.Султаналиева айтылган сунуш пикирлерди кемчиликтерди жоюу менен барат деп ишенебиз колдойм, ийгилик каалайм.

**Жыйындын төрагасы:** Жогоруда айтылгандарды эске алып кеңейтилген жыйналыш бул диссертациялык иш боюнча бүтүм кабыл алышыбыз керек.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫ ТАЛКУУЛООДОН КИЙИН ТӨМӨНКҮДӨЙ БҮТҮМ КАБЫЛ АЛЫНДЫ:

I. Диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору жана алгачкы жыйынтыктары автор тарабынан Нарын мамлекеттик университетинин педагогика, тарых жана окутуунун технологиялары кафедрасынын жыйынында, Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын илимий кеңешмелеринде билдирүүлөр жасалган. Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары «Билим берүүнүн заманбап проблемалары» (2017-жыл, Бишкек), «Всероссийский Фестиваль науки. Международный Форум «Бизнес, образование, культура: традиции и инновации» (2014-жыл, Новосибирск) аттуу эл аралык илимий-практикалык конференцияларда илимий докладдар катары талкууланган.

II. Изилдөөнүн жыйынтыктарынын тактыгы изилдөөнүн предмети жана милдеттерине, статистикалык берилгендери боюнча жыйынтыктар математикалык методдор менен жогорку окуу жайынын окуу процессинде негизги жоболорго ылайык аткарылган.

III. Жыйынтыктар ар кандай деңгээлде: жогорку окуу жайларда, окуу методикалык иштелмелерде жана илимий макалалар аркылуу автор тарабынан аткарылган.

IV. Изилдөөнүн практикалык мааниси:

- жогорку окуу жайында «Менеджменттеги маалыматтык технологиялар» курсунун окутулушунда компьютердик чөйрөдөгү бизнес-пландоонун мисалында студенттерди кесиптик ишмердүүлүккө даярдоочу окуу-методикалык комплекси иштелип чыгып, колдонууга берилген;

- студенттерди кесиптик ишмердүүлүккө даярдоо каражаты катары «Менеджменттеги маалыматтык технологиялар» курсунда маалыматтык технологияларды колдонуунун натыйжалуулугу эксперимент түрүндө такталган.

Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары жана корутундулары жогорку окуу жайларында студенттерди кесиптик ишмердүүлүккө даярдоо

тажрыйбасында, маалыматтык технологиялардын каражаттары аркылуу бизнес-пландоонун маселелерин чечүү процессинде адистердин квалификациясын жогорулатуучу жана кайра даярдоо курстарынын тажрыйбасында да колдонууга болот.

V. Мусаев Бакытбек Малаевичтин диссертациялык иши жогорку окуу жайынын окутуу баскычындагы «Менеджменттеги маалыматтык технологиялар» курсунда бизнес-пландоо маселелерин чыгарууда маалыматтык технологияларды каражат катары пайдалануу студенттерди кесиптик ишмердүүлүккө даярдоодо өтө натыйжалуу болоорун ырастады.

VI. Изилдөөнүн максаты, объектиси жана предмети аркылуу автор милдеттерди коюу аркылуу изилдөөнүн натыйжасын алган.

VII. Диссертациялык иштин темасы Нарын мамлекеттик университетинин окумуштуулар кеңешинин 2012-жыл 6-мартындагы №21/5 протоколу менен бекитилген.

VIII. Диссертациянын негизги мазмуну төмөндөгү макалаларда чагылдырылган:

1. Мусаев, Б.М. Информациялык системалардын жардамы менен студенттерди кесиптик ишмердүүлүккө окутуунун дидактикалык негиздери [Текст] / Б.М. Мусаев. // Наука и новые технологии. – Бишкек, 2012. – №8. – 254-256-бб.

2. Мусаев, Б.М. Педагогические основы применения компьютерной технологии в экономическом высшем учебном заведении (на примере бизнес-планирования) [Текст] / Б.М. Мусаев. // Вестник КЭУ им. М. Рыскулбекова. – Бишкек, 2012. – №4 (23). – 34-36-бб.

3. Мусаев, Б.М. Азыркы учурдагы жогорку окуу жайларында студенттерди кесиптик ишмердүүлүккө даярдоодо компьютердик технологияларды колдонуунун артыкчылыктары [Текст] / Б.М. Мусаев. // Вестник КЭУ им. М. Рыскулбекова. – Бишкек, 2012. – №6. – 56-58-бб.

4. Мусаев, Б.М. Адистерди даярдоо процессиндеги бизнес-пландоонун маселелери жана мазмундук түзүлүшү [Текст] / Б.М. Мусаев. //

Билим берүүнүн заманбап проблемалары. Жогорку жана орто окуу жайларынын кызматкерлери жана педагогикалык жаатындагы илимий изилдөөчүлөр үчүн макалалар жыйнагы. – Нарын, 2013. – №1. – 49-53-бб.

5. Мусаев, Б.М. Студенттерди уюштуруу – башкаруу ишмердүүлүгүнө даярдоо процессиндеги педагогиканын принциптери [Текст] / Б.М. Мусаев. // Билим берүүнүн заманбап проблемалары. Жогорку жана орто окуу жайларынын кызматкерлери жана педагогикалык жаатындагы илимий изилдөөчүлөр үчүн макалалар жыйнагы. – Нарын, 2013. – №1. – 53-58-бб.

6. Мусаев, Б.М. Формы и методы подготовки студентов к профессиональной деятельности [Текст] / Б.М. Мусаев. // Всероссийский Фестиваль науки. Международный Форум «Бизнес, образование, культура: традиции и инновации. –Новосибирск, 2014. – №1. – 53-58-бб.

7. Мусаев, Б.М. Методические основы подготовки студентов ВУЗов профессиональной деятельности в курсе «Информатика» [Текст] / Б.М. Мусаев. // Известия ВУЗов. –Бишкек, 2014. – №8. – 53-58-бб.

8. Мусаев, Б.М. Компьютердик чөйрөдө бизнес-пландоонун милдеттерин чечүү процессиндеги калыптандыруучу эксперименттин баскычтары [Текст] / Б.М. Мусаев. // Известия ВУЗов. –Бишкек, 2016. – №8. – 125-127-бб.

9. Мусаев, Б.М. Кесиптик ишмердүүлүктүн объектиси катары каралган бизнес-пландоодогу маалыматтык системанын дидактикалык негиздери [Текст] / Б.М. Мусаев. // Билим берүүнүн заманбап проблемалары. Жогорку жана орто окуу жайларынын кызматкерлери жана педагогикалык жаатындагы илимий изилдөөчүлөр үчүн макалалар жыйнагы. –Бишкек, 2017. – №4. – 32-35-бб.

10. Мусаев, Б.М. Аракеттин ориентирленген негизинин бизнес-пландоодо компьютердик технологияларды колдонуу моделинин элементи катарында каралышы [Текст] / Б.М. Мусаев. // Наука и новые технологии. – Бишкек, 2018. – №8. – 254-256-бб.

11. Мусаев, Б.М. Студенттерди уюштуруу - башкаруу ишмердүүлүгүнө даярдоо процессиндеги педагогиканын принциптери [Текст] / Б.М. Мусаев. // Билим берүүнүн заманбап проблемалары. Жогорку жана орто окуу жайларынын кызматкерлери жана педагогикалык жаатындагы илимий изилдөөчүлөр үчүн макалалар жыйнагы. –Бишкек, 2019. – №7. – 14-24-бб.

12. Мусаев, Б.М. Студенттерди кесиптик ишмердүүлүккө даярдоонун мазмуну, каражаттары, калыптары (формалары) жана методдору (усулдары) [Текст] / Б.М. Мусаев. // Билим берүүнүн заманбап проблемалары. Жогорку жана орто окуу жайларынын кызматкерлери жана педагогикалык жаатындагы илимий изилдөөчүлөр үчүн макалалар жыйнагы. –Бишкек, 2020. – №8. – 124-144-бб.

13. Мусаев, Б.М. Студенттерди уюштуруу-башкаруу ишмердүүлүгүнө даярдоо процессиндеги педагогиканын принциптери [Текст] / Б.М. Мусаев. // Известия ВУЗов. –Бишкек, 2023. – №4. – 144-124-бб.

14. Мусаев, Б.М. «Информатика» курсунда студенттерди кесиптик ишмердүүлүккө даярдоонун мазмуну, каражаттары, формалары жана методдору [Текст] / Б.М. Мусаев. // Известия ВУЗов. –Бишкек, 2023. – №4. – 144-159-бб.

IX. Мусаев Бакытбек Малаевичтин «Маалыматтык технологиялардын жардамы менен студенттерди кесипке багыттап окутуу (башкаруудагы маалыматтык технологиялар курсун окутуунун мисалында)» аттуу диссертациялык иши кандидаттык диссертацияларга коюлуучу Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиянын талаптарына жооп берген изилдөө экендиги белгиленсин.

X. Мусаев Бакытбек Малаевичтин «Маалыматтык технологиялардын жардамы менен студенттерди кесипке багыттап окутуу (башкаруудагы маалыматтык технологиялар курсун окутуунун мисалында)» аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун

теориясы менен методикасы (информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) адистиги боюнча педагогикалык илимдердин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн коргоого сунуш кылынсын.

**2-суроо: Мусаев Бакытбек Малаевичтин «Маалыматтык технологиялардын жардамы менен студенттерди кесипке багыттап окутуу (башкаруудагы маалыматтык технологиялар курсун окутуунун мисалында)» аттуу темадагы диссертациясы боюнча кандидаттык экзамен үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасын кароо жана талкуулоо.**

Жыйындын төрагасы С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин «Физика, математика жана информатика» кафедрасында аткарылган диссертациялык иш боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасын боюнча сөздү – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Д.М.Ажыбаевге берди.

**Угулду: педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Макеев А.К.** Мусаев Бакытбек Малаевичтин «Маалыматтык технологиялардын жардамы менен студенттерди кесипке багыттап окутуу (башкаруудагы маалыматтык технологиялар курсун окутуунун мисалында)» аттуу темадагы аткарылган диссертациялык иштин кошумча программасы педагогикалык адабияттарды, илимий изилдөө жана анализдөө методдорун, жогорку окуу жайларынын баштапкы баскычында информатика курсун окутууда маалыматтык технологияларды колдонуунун эффективдүүлүгү тууралуу түшүнүктөр камтылгандыгын айтып өттү.

**Талкууга катышты:**

**Педагогика илимдеринин доктору, профессор, Сияев Т.М.:** Мусаев Бакытбек Малаевичтин «Маалыматтык технологиялардын жардамы менен студенттерди кесипке багыттап окутуу (башкаруудагы маалыматтык технологиялар курсун окутуунун мисалында)» аттуу темадагы диссертациялык иши боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн

атайын дисциплинанын кошумча программасы бекитүү үчүн талап кылынган критерийлерге толук жооп берет. Мен кошумча программаны бекитүүнү сунуш кылам.

**Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Ажыбаев Д.М.:** иштелип чыккан программа диссертациянын темасы боюнча суроолордун бардык бөлүмдөрүн толук камтыйт. Мен бекитүүнү сунуштайм.

**Педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а., Шерматова И.К.:** биздин бүгүнкү кеңейтилген кеңешмеде Б.М. Мусаевдин диссертациялык иши боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасын кароо жана талкуулоо менен өттү. Программа боюнча өз пикирин билдирген баяндамачыны, профессордук-окутуучулар курамынын ой-пикирлерин, сунуштарын уктук. Бакытбек Малаевичтин, окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) адистиги боюнча аткарылган диссертациялык иш боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасын бекитүү үчүн добуш берүүнү сунуштайм.

**ДОБУШ БЕРҮҮ: «Макул» – бардыгы. Бир добуштан кабыл алынды.**

С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин «Педагогика, тарых жана окутуунун технологиялары» кафедрасы **Мусаев Бакытбек Малаевичтин «Маалыматтык технологиялардын жардамы менен студенттерди кесипке багыттап окутуу (башкаруудагы маалыматтык технологиялар курсун окутуунун мисалында)»** аттуу темадагы диссертациялык иши боюнча билдирүүсүн, суроолорго берген жоопторун жана жарыш сөзгө чыгып сүйлөгөндөрдүн пикирлерин угуп, талкуулап төмөнкүдөй

**ЧЕЧИМ КАБЫЛ АЛДЫ:**

1. Мусаев Бакытбек Малаевичтин диссертациясы боюнча бүтүмү бекитилсин.

2. Мусаев Бакытбек Малаевичтин **«Маалыматтык технологиялардын жардамы менен студенттерди кесипке багыттап окутуу (башкаруудагы маалыматтык технологиялар курсун окутуунун мисалында)»** аттуу темадагы педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиянын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тууралуу жоболоруна» толугу менен жооп берет деп эсептелсин. Диссертациялык иш 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) адистиги боюнча коргоого сунушталсын.

3. Мусаев Бакытбек Малаевичтин **«Маалыматтык технологиялардын жардамы менен студенттерди кесипке багыттап окутуу»** темасындагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) адистиги боюнча аткарылган диссертациялык иш боюнча кандидаттык экзамен үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасы бекитилсин.

**Жыйындын төрагасы**: С. Нааматов атындагы НМУнун
«Физика, математика жана информатика»
кафедрасынын башчысы, педагогика илимдеринин
кандидаты, доцент А.К. Макеев

**Жыйындын катчысы**: Майрамбек кызы Нурзат

*А.К. Макеевдин жана Майрамбек кызы Нурзаттын кол тамгаларын тастыктайм:*

С.Нааматов атындагы Нарын
мамлекеттик университетинин
кадрлар бөлүмүнүн башчысы: Н.М.Бабаева

Кол тамгасын тастыктаймын:
Заверяю
НМУнун кадрлар бөлүмүнүн башчысы
Начальник отдела кадров
Бабаева Н.М.

С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин “Физика, математика жана информатика” кафедрасы Мусаев Бакытбек Малаевичтин «Маалыматтык технологиялардын жардамы менен студенттерди кесипке багыттап окутуу (башкаруудагы маалыматтык технологиялар курсун окутуунун мисалында)» деген темада жазылган кандидаттык диссертациясын кафедрада талкуулоо боюнча карап, пикир берүү үчүн 2024-жылдын 23-январында өткөн кеңейтилген отурумунун катышуучуларын каттоо

БАРАКЧАСЫ

| **№** | **Катышуучунун аты жөнү** | **Илимий даражасы, наамы жана ээлеген кызмат орду** | **Кол тамгасы** |
|---|---|---|---|
| 1 | Макеев А.К. | П.и.к.,доцент НМУнун “Физика, математика жана информатика” кафедрасынын башчысы, отурумдун төрагасы | |
| 2 | Сияев Т.М. | П.и.д., профессор, педагогика, тарых жана окутуунун технологиялары кафедрасы | |
| 3 | Калдыбаев С.К. | П.и.д., профессор, Ала-Тоо Эл аралык университетинин профессору | |
| 4 | Султаналиева Ш.К. | П.и.к.,доценттин м.а., НМУнун “Педагогика, тарых жана окутуунун технологиялары” кафедрасынын башчысы | |
| 5 | Касымова Г.А. | П.и.к., доценттин м.а., педагогика, тарых жана окутуунун технологиялары кафедрасы | |
| 6 | Кулмамбетова С.М. | Ф-м.и.к., доценттин м.а., маалыматтык технологиялар кафедрасынын башчысы | |
| 7 | Шерматова И.К. | П.и.к., доценттин м.а., педагогика, тарых жана окутуунун технологиялары кафедрасы | |
| 8 | Эсеналиева Г.Ө. | Т.и.к.,доцент, педагогика, тарых жана окутуунун технологиялары кафедрасы | |
| 9 | Асанкулова М.К. | Ага окутуучу, педагогика, тарых жана окутуунун технологиялары кафедрасы | |
| 10 | Муңайтпасова Г.Ж. | П.и.к., доцент НМУнун “Физика, математика жана информатика” кафедрасы | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 11 | Өмүралиева М. | Окутуучу, физика, математика жана информатика кафедрасы | |
| 12 | Ыдырысова Д.К. | Окутуучу, физика, математика жана информатика кафедрасы | |
| 13 | Чекирова Г.К. | П.и.к.,доцент, маалыматтык технологиялар кафедрасы | |
| 14 | Ажыбаев Д.М. | П.и.к., доцент, маалыматтык технологиялар кафедрасы | |
| 15 | Бейшеналиева У.У. | П.и.к., доценттин м.а., маалыматтык технологиялар кафедрасы | |
| 16 | Майрамбек к. Нурзат | Лаборант, физика, математика жана информатика кафедрасы | |